**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Адилет Орозбекович Мамбетказиевдин кайрылуусуна байланыштуу 2024-жылдын 9-февралындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына жана Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 75 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 93-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

# Ч Е Ч И М И

2026-жылдын 21-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р., Бобукеева К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы К. Маамыталы кызынын:

кайрылуучу тарап – Адилет Орозбекович Мамбетказиевдин;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Айдарбек Касымалиевич Осмоновдун;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Алмазбек Тавалдыевич Молдобаевдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Эльвира Тилековна Абелдиеванын, Кыргыз Республиканын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлдөрү Кумарбек Курманбекович Байдылдаевдин, Калыгул уулу Бакыттын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Аязбек Доолосбекович Джаркынбаевдин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Урмат Болотбекович Баялиевдин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Канат Токторбекович Бейшембаевдин, Адинай Куванычбековна Курбанованын катышуусунда,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, 2024-жылдын 9-февралындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына жана Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 75 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 93-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумунда карап чыкты.

Бул ишти кароого А.О. Мамбетказиевдин кайрылуусу, ошондой эле талашылып жаткан ченемдер Кыргыз Республикасынын Конституциясына

ылайык келеби деген маселеде келип чыккан аныксыздык себеп жана негиз болду.

Ишти соттук отурумга кароого даярдаган судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын, тараптардын жана үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, ошондой эле иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4, 5-бөлүктөрүн, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 8-сентябрында жана 10-октябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна А.О. Мамбетказиевдин 2024-жылдын 9-февралындагы № 42 "Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына жана Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 75 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн (мындан ары – Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзам) жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 93-беренесинин (мындан ары – КЖК) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө жана 60-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү жана ага толуктоо келип түшкөн.

Өтүнүчтөн көрүнүп тургандай, Чүй облусунун Токмок шаардык сотунун өндүрүшүндө КЖКнын 175-беренесинде каралган кылмышты жасоого айыпталган Ф.О. Джураевге, С.Ф. Гафаровго жана Р.Т. Гафаровага карата никеге туруунун диний ырым-жырымдарын жасоодо мыйзамда белгиленген нике курагына коюлган талапты бузуу менен мүнөздөлгөн кылмыш иши болгон.

2025-жылдын 21-августунда соттук териштирүүнүн жүрүшүндө А.О. Мамбетказиев Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын кабыл алынгандыгына байланыштуу кылмыш ишин кыскартуу жөнүндө өтүнүч келтирген. Арыз ээсинин пикири боюнча, тагылып жаткан жосун 2023-жылдын 21-ноябрында жасалгандыктан, анча оор эмес кылмыштардын категориясына киргендиктен, ал эми айыпталуучулар биринчи жолу кылмыш жасаган адамдар болуп саналгандыктан, алар, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазадан бошотууну караган Мунапыс жөнүндө
№ 42 мыйзамдын 1-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктуна туура келген. Ушуга байланыштуу арыз ээси аталган адамдарга карата, эгерде ал жасалган жосун үчүн жаза колдонууну жокко чыгарса мунапыс актысынын натыйжасында кылмыш ишин кыскартууну караган Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пункту колдонулууга жатат деп эсептеген.

Чүй облусунун Токмок шаардык сотунун 2025-жылдын 21-августундагы токтому менен көрсөтүлгөн өтүнүчтү Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамды аткаруунун алты айлык мөөнөтү өтүп кеткен деген жүйө менен канааттандыруудан баш тартылган. Сот Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзам 2024-жылдын 13-февралында расмий жарыялангандыгын жана өтүнүчтү кароо учурунда ушул Мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген аны аткаруунун мөөнөтү өтүп кеткендигин негизге алган.

Буга макул болбогон кайрылуунун субъектиси Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген мөөнөт, эгерде тиешелүү кылмыш иши алты айлык мезгил өткөндөн кийин аныкталса же каралса, ал кабыл алынганга чейин кылмыш жасаган жана анда каралган шарттарга туура келген адамдарга карата мунапыс актысынын колдонулушун иш жүзүндө жол бербей тургандыгын көрсөтөт. Арыз ээсинин ырастоосу боюнча, мындай учурларда мунапыс колдонуу мүмкүнчүлүгү жосундун мүнөзүнө жана адамдын укуктук абалына эмес, кылмыштын аныкталган

убактысына, кылмыш ишинин жүрүшүнө жана тиешелүү өтүнүчтүн сот тарабынан каралган убактысына көз каранды болуп калат.

Ушуга байланыштуу арыз ээси талашылып жаткан ченем ал кабыл алынганга чейин кылмыш жасаган адамдарга жоопкерчиликти жокко чыгаруучу же жеңилдетүүчү мыйзамды колдонууга чектөө коет жана муну менен Конституциянын 60-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептейт.

Муну менен катар, кайрылуучу тарап өтүнүчкө берилген толуктоодо мунапыс институтун жөнгө салууда өз алдынча конституциялык-укуктук маселе бар экендигин көрсөтүү менен КЖКнын 93-беренесинин Конституциянын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн да текшерүүнү өтүнгөн.

Кайрылуучу тараптын жүйөлөрү боюнча, мунапыс институту кылмыш-жаза жоопкерчилигин гумандаштырууга жана гумандуулук менен ырайымдуулук принциптерин ишке ашырууга багытталган. “Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө” атайын Мыйзам (мындан ары – Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзам) мунапысты колдонуунун укуктук негиздерин, максаттарын, принциптерин жана тартибин, мунапыс колдонулуучу адамдардын чөйрөсүн жана кылмыштардын категорияларын, ошондой эле бошотуунун чектерин аныктайт.

Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзам мунапысты кылмыш жазасынан толук же жарым-жартылай бошотуу менен байланыштырат жана анын колдонулушун соттолуучуларга жана соттолгондорго жайылтат. Ошол эле учурда КЖКнын 93-беренеси бул институтту кенениреэк жөнгө салып, жазадан гана эмес, кылмыш-жаза жоопкерчилигинен да бошотуу мүмкүнчүлүгүн карайт.

Мындан тышкары, кайрылуучу тарап мындай ыкма КЖПКда процессуалдык жактан бекитилгендигин көрсөтөт, ага ылайык, эгерде ал жасалган жосун үчүн жаза колдонууну жокко чыгарса мунапыс актысынын

натыйжасында кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес, ал эми козголгон иш кыскартылууга жатат (27-берененин 1-бөлүгүнүн 11-пункту).

Ушуга байланыштуу арыз ээси мунапыс жөнүндө мыйзамдар өз ара ички шайкештикке ээ эмес деп эсептейт. Атайын Мыйзам мунапысты кылмыш жазасынан бошотуу менен гана байланыштырат, ошол эле учурда КЖК аны кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу формасында да колдонууга жол берет. А.О. Мамбетказиевдин пикири боюнча, бир эле институт жана мунапыс актысын кабыл алуучу бир эле субъект – Жогорку Кеңеш үчүн, кайсы ченемдик укуктук акт колдонулгандыгына жараша, иш жүзүндө ар кандай укуктук ыкмалар жана ыйгарым укуктардын ар башка көлөмү белгиленген.

Кошумчалай, КЖК жана КЖПК жазык сот өндүрүшүнүн тутумун жалпысынан жөнгө салат жана мунапыс маселелерин айрым гана ченемдери менен камтыйт, ал эми Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзам бул институтка түздөн-түз арналган деп белгиленет. Ошондуктан, кайрылуучу тараптын позициясы боюнча, КЖКнын 93-беренесин колдонууда да атайын Мыйзамдын жоболорун этибарга албай коюуга болбойт, анткени дал ошол мунапыстын күчү жайылтылуучу кылмыштардын негиздерин, түрлөрүн жана категорияларын, ошондой эле бошотуунун формаларын жана чектерин аныктайт.

Бул жүйөнү тастыктоодо кайрылуучу тарап ошондой эле “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамга да шилтеме жасайт (6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү), анын пикири боюнча, алар мыйзамдардын тутумдуулугуна, ченемдик укуктук актылардын ички шайкештигине, алардын өз ара катыштыгына карата, ошондой эле укуктук коллизияларды чечүү эрежелерине талаптарды бекитет. Ушундан алганда арыз ээси бир эле институтту мазмуну боюнча айырмаланган ченемдер менен жөнгө салуу укуктук аныктык талаптарына жооп бербейт, анткени мунапысты колдонуунун чектерин жана натыйжасын кайсы жоболор аныктоого тийиш экендигин так аныктоого мүмкүндүк бербейт деп көрсөтөт.

Мындай шайкешсиздик, толуктоодо белгиленгендей, демейки юридикалык-техникалык коллизиянын чегинен чыгып, укук колдонуучулар үчүн да, укуктары жана эркиндиктери мунапысты колдонуунун укуктук кесепеттеринен көз каранды болгон жарандар үчүн да укуктук аныксыздыкты жаратат. Кеп адамдын кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулабы же жазадан кийин бошотуу менен соттолгон адамдын статусуна алып келүүчү, анын укуктук статусун аныктоодогу олуттуу айырмачылык жөнүндө болууда.

Көрсөтүлгөн шайкешсиздиктен А.О. Мамбетказиев бул маселени укуктук мамлекеттин талаптары, Конституциянын үстөмдүгү жана укуктук аныктык менен байланыштырат, анткени ал мыйзамды бирдей эмес жана өзүм билемдик менен колдонуу, ошондой эле бирдей жагдайларда турган адамдардын ар кандай укуктук абалда болуу тобокелдигин жаратат.

Баяндалгандарга байланыштуу кайрылуунун субъектиси талашылып жаткан ченемдерди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнөт.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 20-октябрындагы аныктамасы менен бул кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган.

Сот отурумунун жүрүшүндө арыз ээси өз талаптарын колдоп, аларды канааттандырууну өтүндү.

Жоопкер тараптын атынан Жогорку Кеңештин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү А.К. Осмонов кайрылуу субъектисинин жүйөлөрү менен макул эместигин билдирип, талашылып жаткан ченемдер Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

А.К. Осмонов өзүнүн каршы пикирлерин негиздөөдө, арыз ээсинин жүйөлөрү мунапыс актысын жосундун кылмыштуулугун жокко чыгаруучу же аны жасоонун кылмыш-жаза-укуктук кесепеттерин жеңилдетүүчү кылмыш-жаза мыйзамы менен теңдештирүүгө негизделгендигин көрсөтөт. Анын пикири боюнча, мунапыс кылмыш-укуктук ченемдин мазмунун өзгөртпөйт, жосундун кылмыштуулугун жойбойт жана анын квалификациясына таасир этпейт, ал жекече аныкталбаган адамдардын

чөйрөсүнө жайылтылуучу жана тиешелүү мыйзамда белгиленген тартипте, шарттарда жана чектерде колдонулуучу мамлекеттик гуманизм актысы болуп саналат.

Ушуга байланыштуу жоопкер тараптын өкүлү Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган аны аткаруунун алты айлык мөөнөтү процедуралык-уюштуруучулук мааниге ээ жана компетенттүү мамлекеттик органдар тарабынан мунапыстын өз убагында жана иреттүү колдонулушун камсыз кылууга багытталган деп эсептейт. Анын пикири боюнча, мунапыс актысын аткаруунун убакыттык чектеринин жоктугу ага бул институттун өзгөчө жана убактылуу табиятына ылайык келбеген мөөнөтсүз мүнөз берүүгө алып келмек.

Ушундан улам А.К. Осмонов мунапыс актысы Конституциянын 60-беренесинин 1-бөлүгү менен кылмыш-жаза мыйзамына берилген мааниде өткөн мезгилге карата колдонулуучу күчкө ээ эмес деп эсептейт, анткени ал кылмыш-жаза мыйзамын өзгөртпөйт жана жосундун кылмыштуулугун жойбойт. Ошондуктан, анын пикири боюнча, мунапыс актысын аткаруу мөөнөтүнүн белгилениши көрсөтүлгөн конституциялык ченемде каралган жоопкерчиликти жокко чыгаруучу же жеңилдетүүчү мыйзам өткөн мезгилге карата принцибинин чектелиши катары каралышы мүмкүн эмес.

Ошол эле учурда жоопкер тараптын өкүлү Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзамдын 8-беренесинин 3-бөлүгүнө шилтеме кылат, ал анда каралган учурларда белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин мунапыс актысын колдонууга жол берет. Анын пикири боюнча, бул ченем мунапысты колдонуу үчүн негиз кийинчерээк, атап айтканда жасалган жосундун квалификациясынын өзгөрүшүнүн натыйжасында аныкталган учурларга жайылтылат. Калган учурларда, жоопкер тарап эсептегендей, белгиленген мөөнөттүн өтүшү мунапыс актысын андан ары аткарууга тоскоолдук кылат.

КЖКнын 93-беренеси менен конкреттүү Мунапыс жөнүндө мыйзамдын өз ара катыштык маселеси боюнча А.К. Осмонов аталган берене мунапыстын мүмкүн болгон кылмыш-укуктук натыйжаларын жалпы түрдө,

анын ичинде кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же жазадан бошотууну, жазаны кыскартууну же аны кыйла жеңил түрү менен алмаштырууну бекемдейт деп белгиледи. Ал эми конкреттүү Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзам адамдардын чөйрөсүн, көлөмүн, тиешелүү актыны колдонуунун шарттарын, мөөнөттөрүн жана чектерин аныктайт. Ушуга байланыштуу жоопкер тараптын пикири боюнча, конкреттүү мыйзамда белгиленген, мунапыстын кыйла тар көлөмү, КЖКнын 93-беренесине карама-каршы келбейт, тескерисинче, Конституциянын 80-беренесинде каралган Жогорку Кеңештин дискрециялык ыйгарым укуктарынын ишке ашырылышын билдирет.

Ушул негизде А.К. Осмонов талашылып жаткан ченемдер Конституцияга ылайык келет деп эсептеп, А.О. Мамбетказиевдин өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартууну өтүнөт.

Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаев жалпысынан жоопкер тараптын позициясын колдоп, алты айлык мөөнөт адамдын мунапысты колдонуу укугунун келип чыгышы жана токтотулушу эмес, компетенттүү мамлекеттик органдар тарабынан мунапыс актысынын аткарылышына тиешелүү экендигин кошумча белгиледи. Анын пикири боюнча, мунапысты колдонуу үчүн айыпталуучуларда негиздер башында эле болгон, анткени алар Мунапыс жөнүндө мыйзамда белгиленген шарттарга ылайык келген, алар жасаган жосундун көрсөтүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин аныкталышы мунапысты колдонууга тоскоол болгон эмес. Ушуга байланыштуу ал талашылып жаткан ченемдер Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Жогорку соттун өкүлү Э.Т. Абелдиева мунапыс институту гуманизм жана социалдык адилеттүүлүк принциптерин ишке ашырууга багытталган гуманитардык мүнөздөгү кылмыш-укуктук маанилүү механизм болуп саналаарын белгиледи. Анын пикири боюнча, өндүрүштүн тиешелүү стадиясында адамды кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу

мүмкүнчүлүгү кылмыш-жаза процессин гумандаштырууга, кылмыш-укуктук таасирдин көлөмүн азайтууга өбөлгө түзөт жана коомдук коркунучтун жогорку даражасы менен байланышпаган иштер боюнча кылмыш-жаза куугунтуктоонун альтернативаларын колдонуунун заманбап ыкмаларына ылайык келет.

Ошол эле учурда Жогорку соттун өкүлү мунапыс мыйзамдын чегинде гана колдонулууга тийиш экендигин баса белгиледи. Соттор жана сотко чейинки өндүрүш органдары мунапыс актысынын шарттарын кеңири чечмелөөгө же аны аналогия боюнча колдонууга укуксуз. Мунапысты колдонуу жөнүндө маселени чечүүдө алар адамдардын чөйрөсүн, аны колдонуунун шарттарын жана чектерин белгилеген конкреттүү мыйзамдын сөзмө-сөз мазмунуна жана маанисине таянууга тийиш.

Башкы прокуратуранын өкүлдөрү Калыгул уулу Б. жана К.К. Байдылдаев мунапыс актысынын натыйжасында кылмыш ишин кыскартууну караган КЖПКнын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пункту мындай мүмкүнчүлүктү кандайдыр бир өз алдынча убакыттык алкактар менен байланыштырбай тургандыгын белгилешти. Алардын пикири боюнча, мунапыс актысында белгиленген негиздер болгон учурда аны колдонуу жөнүндө маселе кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдардын системалуу өз ара байланышын эске алуу менен чечилүүгө тийиш.

Юстиция министрлигинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү А.Д. Джаркынбаев бул иш үчүн негизги мааниге мунапыс актысынын аткарылышынын мөөнөтүн белгилөөгө жол берүүчүлүк эмес, анын мөөнөтү өткөндөн кийинки укуктук кесепеттер экендигин белгиледи. Анын пикири боюнча, бул мөөнөт аралаш укуктук табиятка ээ: уюштуруу функциясын аткаруу менен, ал бир эле учурда мунапысты колдонуу мүмкүнчүлүгүнө да таасир этет. Ошону менен бирге, кылмыштын квалификациясы өзгөргөндө, аны мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонуунун мыйзамда каралган

мүмкүнчүлүгү бул мөөнөт шартсыз бөгөт коюучу болуп саналбагандыгын күбөлөндүрөт.

Ошондой эле ал, мөөнөтү өтүп кеткендигине гана байланыштуу мунапысты колдонуудан баш тартуу, бул бирдей жосундарды жасаган адамдарды, кылмыштын аныкталган учуруна, тергөөнүн же соттук кароонун узактыгына, башкача айтканда алардын жүрүм-турумуна көз каранды болбогон жагдайларга жараша ар башка укуктук абалга коюшу мүмкүн экендигин белгиледи. Бул, анын пикири боюнча, теңдик, адилеттүүлүк жана өлчөмдөштүк принциптерин бузуу тобокелдигин жаратат.

КЖКнын 93-беренесине токтолуп, А.Д. Джаркынбаев ал мунапысты кылмыш-жаза жоопкерчилигинен да, жазадан да бошотууга жол берүүчү комплекстүү институт катары бекитерине, ал эми конкреттүү мунапыс актысы кылмыш-жаза саясатынын максаттарын эске алуу менен аны колдонуунун кыйла тар чектерин карай ала тургандыгына көрсөттү.

Ушуга байланыштуу Юстиция министрлигинин өкүлү талашылып жаткан ченемдер адамга көз каранды болбогон жагдайлар боюнча мунапысты колдонуудан формалдуу баш тартууну жокко чыгарган конституциялык-укуктук мааниде колдонулган шартта Конституцияга ылайык келет деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин жана Ички иштер министрлигинин өкүлдөрү талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугу боюнча окшош позицияларын билдиришти

Конституциялык сот тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкү тыянактарга келди.

1. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча ченемдик

укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, аталган иш боюнча Конституциялык соттун кароосунун предмети болуп 2024-жылдын 9-февралындагы № 42 “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына жана Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 75 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-бөлүгү жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 93-беренеси саналат, алар төмөнкүдөй редакцияда баяндалган:

“10-берене.

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет жана алты айдын ичинде аткарылууга тийиш.

Ушул Мыйзамды колдонуу жөнүндө маселе аны колдонуу үчүн каралган мөөнөттөр аяктагандан кийин келип чыккан учурларда (соттолгондун аракеттеринин юридикалык квалификациясы өзгөргөндүктөн), соттолгонго карата мунапыс берүү актысы көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин колдонулушу мүмкүн.”.

“93-берене. Мунапыс

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ким экендиги аныкталбаган адамдарга карата мунапыс берүү жөнүндө акт чыгарат.

2. Кылмыш жасаган адамдар мунапыс берүү жөнүндө актысы боюнча кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүн. Кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамдар жазадан бошотулушу же аларга дайындалган жаза кыскартылышы же жазанын кыйла жеңил түрү менен алмаштырылышы мүмкүн, же болбосо мындай адамдар жазанын кошумча түрүнөн бошотулушу мүмкүн.”.

2024-жылдын 9-февралындагы № 42 “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына жана Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 75 жылдыгына

байланыштуу мунапыс жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, “Эркин Тоо” гезитинин 2024-жылдын 13-февралындагы № 12 санына жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 127 Кылмыш-жаза кодекси мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, “Эркин Тоо” гезитинин 2021-жылдын 16-ноябрындагы № 122-133 санына жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасын укуктук мамлекет деп жарыялоо менен мамлекеттин ишмердүүлүгү укуктук негизде жана ал белгилеген чектерде жүзөгө ашырылуучу коомдук бийликти уюштуруунун зарылдыгына жана укуктун үстөмдүгүнө негизденет. Конституциянын 6-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана түздөн-түз колдонулат, ал эми конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар анын негизинде кабыл алынат.

Муну менен коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу укуктук актылардын бир гана түрү менен эмес, алардын тутуму менен камсыз кылынат, андагы ар бир актынын түрүнүн өзүнүн багыты жана колдонуу чектери бар. Бул системада өзгөчө орун, кыйла маанилүү коомдук мамилелерди жөнгө салуучу акт катары мыйзамга таандык.

Конституция мыйзам чыгаруу бийлигин жүзөгө ашыруучу жана мыйзамдарды кабыл алуучу орган катары Жогорку Кеңешти аныктайт. Конституциянын 76-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Жогорку Кеңеш – Кыргыз Республикасынын парламенти – мыйзам чыгаруу бийлигин жүзөгө ашыруучу жогорку өкүлчүлүктүү орган болуп саналат, ал эми

Конституциянын 80-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык мыйзамдарды кабыл алат.

Мыйзамдарды кабыл алуу менен Жогорку Кеңеш укуктук жөнгө салуунун негизги башаттарын, коомдук мамилелердин катышуучуларынын укуктарын жана милдеттерин, мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын, ошондой эле алар кабыл алуучу чечимдердин негиздерин, шарттарын жана укуктук кесепеттерин аныктайт.

Мыйзамдарда камтылган ченемдер жеке аныкталбаган адамдардын чөйрөсүнө багытталган жана көп жолу колдонууга эсептелген жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелерин белгилейт. Алар анда каралган жагдайлар ар бир жолу пайда болгондо колдонулуп, анын күчү өзүнчө бир учурду чечүү менен бүтүп калбайт жана тиешелүү мыйзам колдонулган мөөнөт ичинде жөнгө салуучу маанисин сактайт.

Мындай ченемдик уюштуруу укуктук жөнгө салуунун туруктуулугун жана бир түрдүүлүгүн камсыз кылат: коомдук мамилелердин катышуучулары өз жүрүм-турумун мыйзамдын талаптары менен алдын ала шайкеш келтире алышат, ал эми мамлекеттик органдар аларда белгиленген шарттарга жооп берген бардык укуктук кырдаалдарга бирдей эле көрсөтмөлөрдү колдонууга милдеттүү. Мында мыйзамдын ченемдик укуктук акт катары жалпы ченемдик-жөнгө салуучу функциясы көрүнөт.

3. Ошону менен бирге мыйзамга мүнөздүү болгон ченемдик касиеттердин жалпылыгы бардык мыйзамдардын бирдей функционалдык багыты экендигин билдирбейт. Коомдук мамилелердин белгилүү бир чөйрөсүн туруктуу жөнгө салууга арналган мыйзамдар менен катар, мыйзам формасында конкреттүү коомдук маанилүү максат менен шартталган жана белгилүү предметтик жана убакыттык чектерге ээ атайын чечимдер кабыл алынышы мүмкүн.

Мындай атайын мыйзамдык чечимдердин катарына мунапыс жөнүндө акт кирет. Конституция 80-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунда Жогорку Кеңештин мыйзамдарды кабыл алуу боюнча жалпы ыйгарым укугун бекитүү

менен ошол эле бөлүктүн 10-пунктунда мунапыс жөнүндө актыларды чыгаруу боюнча анын ыйгарым укугу өзүнчө каралган.

Бул ыйгарым укуктун мазмуну, мунапыстын укуктук табияты жана аны жүзөгө ашыруунун тартиби “Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында ачып көрсөтүлгөн. Аталган Мыйзамдын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык мунапыс бул гуманизм жана ырайымдуулук принцибин ишке ашыруу максатында жеке аныкталбаган адамдардын чөйрөсүнө тиешелүү болгон жана кылмыш жазасынан бошотууну караштырган, мыйзам түрүндө кабыл алынган мамлекеттик органдын актысын билдирет.

Келтирилген аныктамадан, мунапыс мыйзамдын ченемдик түрүн өзгөчө функционалдык максаты менен айкалыштырат. Ал келечекте жасала турган кылмыштар үчүн кылмыш жазасынан бошотуунун туруктуу колдонуудагы механизмин белгилебестен, мыйзамда белгиленген белгилерге жооп берген адамдарга карата гуманизмди жана ырайымдуулукту көрсөтүү жөнүндө мамлекеттин конкреттүү чечимин билдирет.

Мунапыстын жекече аныкталбаган адамдардын чөйрөсүнө кайрылуусу анын мындай максатына каршы келбейт. Мыйзам чыгаруучу бошотулууга жаткан конкреттүү адамдарды атабайт, бирок мунапысты колдонуу жөнүндө чечим компетенттүү мамлекеттик орган тарабынан ар бир адамга карата өзүнчө кабыл алынуучу жалпы белгилерди белгилейт. Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзамдын 10-беренесине ылайык мындай орган кылмыш ишин же келип түшкөн материалдарды караган сот болуп саналат. Демек, мунапыс жөнүндө мыйзамды көптөгөн жеке учурларда колдонуу мүмкүнчүлүгү анын адресаттарын аныктоонун ченемдик ыкмасы менен шартталган жана өзүнөн өзү мунапысты жазадан бошотуунун туруктуу иштеген механизмине айландырбайт.

Мыйзам чыгаруучу кабыл алган чечимдин мазмуну жана чектери мунапыс жарыяланган ар бир мыйзамда конкреттештирилет. Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзамдын 3-беренесине ылайык мунапыс жөнүндө

мыйзамда аны берүүнүн себептери, бериле турган адамдардын жана кылмыштардын категориялары, жазаны кыскартуунун көлөмү, мунапыс берүү актысын аткаруучу органдар, аны аткаруу мөөнөттөрү, ошондой эле колдонуу жана аткаруу тартибин түшүндүргөн жоболор аныкталууга тийиш. Ошентип, ар бир конкреттүү учурда мыйзам чыгаруучу, Конституциянын чегинде, аракеттенүү менен кабыл алынуучу гуманитардык чечимдин мазмунун жана чектерин өз алдынча аныктайт: ал кимдерге жана кайсы жосундарга жайылтылаарын, анда каралган бошотуунун же жазаны кыскартуунун көлөмүн, кандай тартипте жана кандай мөөнөттөрдө аткарылууга тийиш экендигин белгилейт.

Мунапыс колдонулуучу жосундарды аныктоонун убакыттык критерийи, Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзамдын 8-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген, ага ылайык мунапыс жөнүндө мыйзамдын колдонулушу мунапыс чөйрөсүнөн түздөн-түз алып салынган кылмыштарды кошпогондо, ал күчүнө кирген күнгө чейин жасалган кылмыштарга жайылтылат. Мунапыс жөнүндө мыйзам ошондой эле ал созулган жана улантылган кылмыштарга, эгерде алар мунапыс берүү жөнүндө мыйзам, мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин бүткөн, токтотулган же үзүлгөн болсо, жайылтылбайт. Демек, тиешелүү мыйзам күчүнө кирген учурдан тартып ал камтыган жосундардын чөйрөсү жабык болуп саналат жана кийин жаңы жасалган кылмыштардын эсебинен толукталбайт. Мунапыстын алдын ала аныкталган жана кийин кеңейтилүүгө жатпаган жосундардын чөйрөсү менен байланышы, аны колдонуунун жеке учурларынын санына карабастан, ага бир жолку мыйзам чыгаруу чечиминин мүнөзүн берет.

Мында мыйзамда белгиленген мунапыс колдонулуучу кылмыштар жасалган датаны тиешелүү мыйзамды аткаруу мөөнөтүнөн айырмалоо зарыл. Көрсөтүлгөн дата жосундардын чөйрөсүн, ал аркылуу мунапыс жайылтылышы мүмкүн болгон адамдардын потенциалдуу чөйрөсүн аныктайт, ал эми аткаруу мөөнөтү аны колдонуу боюнча мыйзамда каралган иш – аракеттерди аткаруу үчүн компетенттүү органдарга бөлүнгөн мезгилди

билдирет. Бул убакыттык мүнөздөмөлөр өзүнүн предмети жана функционалдык максаттары боюнча айырмаланат жана ошондуктан бирдей болушу мүмкүн эмес.

Ошентип, мунапыс мамлекеттин мыйзам түрүндө кабыл алган, бир жолку гуманитардык чечими болуп саналат, ал адамдардын жеке аныкталбаган чөйрөсүнө багытталып, бирок мыйзам чыгаруучу тарабынан белгиленген адамдардын жана кылмыштардын категориялары, ошондой эле белгилүү бир датага чейин жасалган жосундардын жабык чөйрөсү менен чектелген. Мында мунапыс жөнүндө мыйзамды аткаруу мөөнөтү ал камтыган адамдардын жана жосундардын чөйрөсүн аныктабайт, бирок буга чейин кабыл алынган мыйзамдык чечимди ишке ашыруу боюнча аракеттерди компетенттүү мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлүшүнүн убакыттык алкактарын белгилейт.

4. Дал ушундай атайын мыйзамдык чечим катары, Жогорку Кеңеш Конституцияда каралган мунапыс жөнүндө актыларды чыгаруу боюнча ыйгарым укугун ишке ашырууда, 2024-жылдын 9-февралындагы № 42 “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына жана Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 75 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алган. Анын преамбуласына ылайык, аталган Мыйзамдын кабыл алынышы конкреттүү маанилүү даталар менен шартталган жана гуманизм менен ырайымдуулук принциптерин ишке ашырууга багытталган.

Жарыяланган мунапыс менен камтылган адамдардын жана кылмыштардын чөйрөсү Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамда белгиленген критерийлердин жыйындысы менен аныкталат. Атап айтканда, 1-берененин 1-бөлүгүнүн 4-пункту анча оор эмес кылмыштарды биринчи жолу жасаган адамдарды эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү кылмыш жазасынан бошотууну карайт. Ошол эле учурда ушул берененин 2-бөлүгүндө жана 7-беренеде мунапыс чөйрөсүнө кирбеген учурлар белгиленген, ал эми 8-берене Мыйзам күчүнө киргенге чейин кылмыш жасаган адамдарды, ошондой эле

соттолгондорду анын колдонуу чөйрөсүнө таандык кылат. Ошону менен аталган жоболор мыйзам чыгаруучу тарабынан кабыл алынган чечимдин предметтик, персоналдык жана убакыттык чектерин аныктайт.

Муну менен катар Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзам ар кандай багыттагы убакыттык көрсөтмөлөрдү камтыйт. Алсак, 2-берене адамдардын айрым категорияларын жазадан бошотууну Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч айдын ичинде өз ыктыяры менен келүүсү менен түздөн-түз байланыштырып, ошону менен мунапысты колдонуунун шарты катары мөөнөттү белгилейт. Мындан айырмаланып, 10-berененин 1-бөлүгү менен Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирээри жана алты айдын ичинде аткарылууга тийиш экендиги каралган. Ушул эле бөлүктүн кийинки абзацында, Мыйзамды колдонуу жөнүндө маселе аны колдонуу үчүн каралган мөөнөттөр аяктагандан кийин келип чыккан учурларда (соттолгондун аракеттеринин юридикалык квалификациясы өзгөргөндүктөн), соттолгонго карата мунапыс берүү актысы көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин колдонулушу мүмкүн экендиги белгиленген.

Демек, 10-берененин 1-бөлүгүнүн мазмунунан, Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамды аткаруунун алты айлык мөөнөтүнүн аякташы мунапысты кийинки колдонуу мүмкүнчүлүгүн бардык эле учурларда жокко чыгарбай тургандыгы келип чыгат.

5. Ушул Чечимдин 3-пунктунда белгиленгендей, мыйзам чыгаруучу, мунапыс жарыялоо менен анын мазмунун, чектерин жана ишке ашыруу тартибин, анын ичинде кабыл алынган актыны аткаруу мөөнөтүн аныктоого укуктуу. Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгү менен каралган алты айлык мөөнөт көрсөтүлгөн кароонун чегинде белгиленген. Ушул иште келип чыккан маселе анын өтүшүнүн укуктук кесепеттерине: эгерде адамга тагылып жаткан жосун Мыйзам күчүнө киргенге чейин жасалса, бирок мунапысты колдонуу жөнүндө маселе алты айдын ичинде чечилбесе, бул жагдай мунапысты колдонууга тоскоол боло алабы деген

маселеге тиешелүү. Кайрылуунун материалдарынан көрүнүп тургандай, дал ушул мөөнөттүн өтүшү соттун мунапысты колдонуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуусуна негиз болгон.

Келип чыккан укуктук көйгөйдү чечүү үчүн Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамды аткаруу мөөнөтү менен анда жарыяланган мунапыстын убакыттык чектерин ажыратуу зарыл. Эки мүнөздөмө тең убакыт менен байланышкандыгына карабастан, алар ар кандай укуктук багытка ээ жана ар башка суроолорго жооп берет.

Алты айлык мөөнөт ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар мунапыс актысынын өз убагында жана толук аткарылышын камсыз кылууга тийиш болгон мезгилди белгилейт. Бул мезгилдин ичинде алар өздөрүнүн карамагындагы кылмыш иштери, башка материалдар жана эсептик маалыматтар боюнча Мыйзамдын колдонулушуна туура келген адамдарды аныктоого жана алардын ар бирине карата жекече чечим кабыл алынышын камсыз кылууга милдеттүү. Бул иш-аракеттин милдеттүү мүнөзү персоналдык чечимдерди кабыл алуу тартибин регламенттеген, Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын 4-беренесинен жана Мыйзамдын так жана бирдей аткарылышына көзөмөлдү Башкы прокуратурага жүктөгөн 10-беренесинин 3-бөлүгүнөн келип чыгат.

Демек, каралып жаткан мөөнөт ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга даректелет жана аларга жүктөлгөн иш-аракеттин убакыттык алкактарын аныктайт. Ал адам сөзсүз түрдө алты айдын ичинде аныкталууга, кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга же соттолууга тийиш деген талапты белгилебейт жана адамдын Мыйзамда каралган категорияга таандык болушун, ушул мезгилде жеке акт кабыл алынгандыгына көз каранды кылбайт. Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттүн өтүшү, анын юридикалык күчүн жоготууга же аны колдонуу жөнүндө кийин келип чыккан маселелерди кароонун токтотулушуна алып келээри да каралган эмес.

Мунапыстын убакыттык чектери башка багытка ээ. Алар мамлекеттик органдардын ишинин мезгилин эмес, мыйзам чыгаруучу тарабынан кабыл

алынган чечимдин күчү жайылтылган жосундардын жана адамдардын чөйрөсүн аныктайт. Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын 8-беренесине ылайык, анын колдонулушу Мыйзам күчүнө киргенге чейин кылмыш жасаган адамдарга жайылтылат. Ушул эле Мыйзамдын 9-беренеси ал күчүнө киргенден кийин соттолгон адамдарга карата жазанын өтөлө элек мөөнөтүн эсептөөнүн тартибин түздөн-түз карайт. Ошентип, Мыйзамдын өзү мунапыстын убакыттык алкагын өкүм чыгарылган дата менен байланыштырбастан, адамга карата процессуалдык чечим кийин кабыл алынышы мүмкүн экендигине жол берет.

Ошондуктан Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзам күчүнө киргенден кийин жасалган кылмыштар, алардын кийинки квалификациясына жана алар Мыйзамды аткаруунун алты айлык мөөнөтүнүн ичинде же ал өткөндөн кийин жасалгандыгына карабастан, мунапыс менен камтылбайт. Мунапысты бул мөөнөттөн тышкары колдонуу Мыйзамды жаңы кылмыштарга карата колдонууну билдирбейт: ал мыйзам чыгаруучу белгилеген убакыттык алкакка башынан эле кирген жосундарга карата гана жол берилет.

Ошол эле учурда Мыйзамдын аткарылышы талаптагыдай уюштурулган күндө да, ал күчүнө киргенге чейин жасалган бардык кылмыштар алты айдын ичинде аныктала бербеши мүмкүн. Кылмыш тууралуу маалымат кийинчерээк, мунапысты колдонуу жөнүндө маселе объективдүү түрдө компетенттүү органга коюлбаган учурда белгилүү болуп калышы мүмкүн. Мындай кылмыштын кийин аныкталышы мунапыстын убакыттык алкактарын кеңейтпейт, болгону жосун жасалган убактысы боюнча Мыйзамда белгиленген алкакка башынан эле кирген учурду аныктайт. Ошондуктан алты айлык мөөнөт өткөндөн кийин тиешелүү кылмыш ишин караган сот ошол мөөнөттүн өтүшүнө гана шилтеме кылып, мунапысты колдонуу жөнүндө маселени чечүүдөн баш тартууга укуксуз.

Алты айлык мөөнөттүн үзгүлтүксүз мүнөзүн Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацы да көрсөтөт, ал соттолгон адамдын аракеттеринин юридикалык квалификациясы

өзгөргөндүгүнө байланыштуу тиешелүү маселе кийин келип чыкса, каралган мөөнөттөр өткөндөн кийин мунапысты колдонууга жол берет. Муну менен Мыйзамдын өзү белгиленген мезгилден тышкары мунапыстын колдонулушу жөнүндө чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө негизденет.

Бул жободо колдонулган “аны колдонуу үчүн каралган мөөнөттөр” деген сөз айкашы ушул эле бөлүктүн биринчи абзацында Мыйзамды аткаруу мөөнөтү катары аныкталган алты айлык мөөнөттүн багытын өзгөртпөйт жана аны адамга карата мунапысты колдонуу шартына айлантпайт. Юридикалык квалификациянын өзгөрүшүнө карата кашаадагы көрсөтмө тиешелүү маселенин кеч келип чыгышынын себептеринин бирин ачып берет, бирок алты айлык мөөнөт өткөндөн кийин мунапыс колдонулушу мүмкүн болгон учурлардын толук тизмегин аныктабайт. Бул жободо соттолгон адамдын эскерилиши мыйзам чыгаруучу тарабынан сүрөттөлгөн жагдай менен шартталган жана Мыйзам күчүнө киргенден кийин соттолгон адамдарды да камтыган анын 8 жана 9-беренелеринде белгиленген колдонуу чөйрөсүн тарылта албайт.

Алты айлык мөөнөттүн укуктук маанисин мындай түшүнүү Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгүндө бекитилген бардыгынын мыйзам жана сот алдында бирдейлиги принцибине шайкеш келет. Бирдейлик салыштырмалуу укуктук абалда турган адамдарга мыйзамдын бир түрдүү колдонулушун болжолдойт. Мыйзамда каралган бир категорияга таандык, мунапыс камтыган кылмыштарды жасаган жана белгиленген алып салууларга туш келбеген адамдар кылмыш алты айлык мөөнөттүн ичинде же ал өткөндөн кийин аныкталганына, тергөө жана соттук кароо канча убакытка созулганына жана ошол учурга карата өкүм чыгарылган-чыгарылбаганына карабастан ар кандай укуктук абалга коюлушу мүмкүн эмес.

Көрсөтүлгөн жагдайлар жасалган жосунду мүнөздөбөйт жана адамдын Мыйзамда белгиленген критерийлерге ылайык келүүсүнө таасир этпейт. Башкача түшүнүү Мыйзам менен берилген укуктук натыйжа анда каралган негиздерге эмес, кылмыштын аныкталган убактысына, кылмыш-жаза сот

өндүрүшүнүн узактыгына жана мамлекеттик орган чечим кабыл алган учурга көз каранды болот дегенди билдирмек. Муну менен бирдей укуктук абалда турган адамдар бир эле мыйзамдын бирдей колдонулушунан жана бирдей коргоосунан ажыратылмак. Укуктук натыйжадагы айырмачылыкка ал Мыйзамда түздөн-түз каралган мунапысты колдонуу шартынан же анда белгиленген алып салуудан келип чыккан учурда гана жол берилет.

Ошентип, Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган алты айлык мөөнөт ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар үчүн мунапыс актысын аткаруунун милдеттүү мөөнөтү болуп саналат, бирок жасаган жосундары анын убакыттык алкагына кирген адамдарга мунапысты колдонуу үчүн бөгөт болуучу мааниге ээ эмес. Бул мөөнөт өткөндөн кийин тиешелүү маселени карап жатып, сот адамга тагылып жаткан жосун Мыйзам күчүнө киргенге чейин жасалган-жасалбаганын, адам анда каралган критерийлерге жооп берээрин, түздөн-түз белгиленген шарттар аткарылганын жана мунапысты колдонууга жол бербеген жагдайлар жок экендигин аныктоого тийиш. Эгерде көрсөтүлгөн талаптар сакталса, Мыйзамды аткаруу мөөнөтүнүн өтүшү, адамдын аракеттеринин юридикалык квалификациясынын өзгөрбөгөндүгү же өкүмдүн алты айлык мөөнөттөн кийин чыгарылышы мунапысты колдонуудан баш тартуу үчүн өз алдынча негиз боло албайт. Бул жагдайларды конкреттүү адамга карата белгилөө тиешелүү кылмыш ишин караган соттун компетенциясына кирет.

6. Арыз ээси Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган алты айлык мөөнөт өткөндөн кийин мунапысты колдонуу мүмкүнчүлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 60-беренесинин 1-бөлүгүндө бекитилген мыйзамдын өткөн мезгилге карата колдонулбайт деген эрежеси менен байланыштырат. Бул ченемге ылайык, адамдын жоопкерчилигин белгилөөчү же оорлотуучу мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт; эгерде укук бузуу жасалгандан кийин ал үчүн жоопкерчилик жокко чыгарылса же жеңилдетилсе, жаңы мыйзам колдонулат.

Ушул жобого шилтеме жасоо менен, арыз ээси Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамда каралган кылмыш жазасынан бошотуу адамдын абалын жакшыртат, ошондуктан мыйзамдын өткөн мезгилге карата колдонуу жөнүндө эрежеси жайылтылуучу кылмыш-укуктук кесепеттерди жеңилдетүү учурларынын бири болуп саналат дегенге таянат.

Көрсөтүлгөн конституциялык кепилдиктин мазмунун ачыктап көрсөтүү менен Конституциялык сот 2023-жылдын 29-мартындагы Чечиминде мыйзамдын өткөн мезгилге карата колдонушу жосундун кылмыштуулугун жокко чыгарууну, жазаны жеңилдетүүнү жана адамдын абалын башкача жакшыртууну камтый тургандыгын белгилеген. Бул учурлар үчүн жалпы болуп мурда колдонулган кылмыш-укуктук жөнгө салуунун өзгөрүшү саналат, анда кийинки мыйзам жосундун кылмыштуулугун, анын жазалануусун же башка кылмыш-укуктук кесепеттерди жаңыча, кыйла жагымдуу багытта аныктайт.

Ушул Чечимдин 3-пунктунда белгиленгендей, мунапыс актысынын колдонулушунун механизми башкача. Ал жосундун кылмыштуулугун жокко чыгарбайт, анын квалификациясынын негиздерин жана кылмыш-жаза мыйзамында каралган санкцияны өзгөртпөйт. Кылмыш жазасынан бошотуу бул мыйзам чыгаруучунун гумандуулук жана ырайым кылуу максатында ал тарабынан аныкталган категориядагы  адамдарга карата жана ал белгилеген чектерде кабыл алган чечиминин өзгөчө укуктук натыйжасы болуп саналат. Ошондуктан мунапыстын тиешелүү мыйзам күчүнө киргенге чейин жасалган кылмыштарга жайылтылышы бул актынын убакыттык алкагын мүнөздөйт, бирок Конституциянын 60-беренесинин 1-бөлүгүнүн маанисинде мыйзамдын өткөн мезгилге  карата колдонулбай тургандыгын  билдирбейт.

Ошентип, мунапыс актысы Конституциянын 60-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган өткөн мезгилге карата колдонулбай турган механизм түздөн-түз жайылтылуучу мыйзамдарга кирбейт. Ушул Чечимдин 5-пунктунда белгиленгендей, Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамды алты айлык мөөнөт өткөндөн кийин колдонуу мүмкүнчүлүгү Конституциянын 60-

беренесинин 1-бөлүгүн колдонууга эмес, бул мөөнөттүн укуктук багытына жана мунапыстын өзүнүн убакыттык алкактарына байланыштуу. Демек, мунапыс актысын аткаруу мөөнөтүн белгилеген Мунапыс жөнүндө № 42 мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгү Конституциянын 60-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт.

7. КЖКнын 93-беренесин талашуу менен, арыз ээси анда бекитилген мунапыс моделинин Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзамдын жана КЖПКнын жоболору менен шайкеш келбегендигин көрсөткөн. Алсак, КЖКнын 93-беренеси кылмыш жасаган адамдарды кылмыш жоопкерчилигинен, ал эми соттолгондорду - жазадан бошотууга, дайындалган жазаны кыскартууга же кыйла жеңил жазага алмаштырууга, же кошумча жазадан бошотууга жол берет. Ошол эле учурда Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзам мунапысты кылмыш жазасынан бошотууну караган акт катары гана аныктайт, ал эми КЖПК мунапыс актысынын натыйжасында кылмыш ишин кыскартууга жол берет. Арыз ээсинин пикири боюнча, мындай айырма мунапыстын укуктук кесепеттеринде аныксыздыкты жаратат жана ченемдик укуктук актылардын шайкештиги менен иерархиясынын талаптарын бузат.

Келтирилген жүйөнү баалоодо, Конституциялык сот, биринчи кезекте, Жогорку Кеңештин ар бир мунапыс актысынын милдеттүү мазмунун алдын ала аныктабастан жана бошотуунун конкреттүү формаларын белгилебестен, мунапыс жөнүндө актыларды чыгаруу боюнча конституциялык ыйгарым укугуна таянат (80-берененин 1-бөлүгүнүн 10-пункту). Ушул Чечимдин 3-пунктунда белгиленгендей, мындай формаларды аныктоо конституциялык талаптардын чегинде жүзөгө ашырылуучу мыйзам чыгаруучунун кароосуна кирет. Бул жобону өнүктүрүү менен КЖКнын 93-беренеси мунапыстын мүмкүн болгон укуктук натыйжаларынын жалпы тизмегин бекитет. Анда “бошотулушу мүмкүн” деген туюнтманын колдонулушу конкреттүү мунапыс актысы ушул беренеде бекитилген формалардын бирин, бир нечесин же бардыгын карай ала тургандыгын билдирет. Бул учурда кылмыш

жоопкерчилигинен бошотуу менен жазадан бошотуу бири-бирин алмаштыра албайт, анткени алар кылмыш-жаза өндүрүшүнүн ар кандай баскычтарында колдонулат жана адамдын укуктук статусу үчүн ар кандай кесепеттерге алып келет.

Ошол эле учурда тиешелүү мунапыс актысы кабыл алынмайынча, КЖКнын 93-беренеси конкреттүү адамды бошотуу үчүн түздөн-түз негиз болуп саналбайт. Анда каралган формалар Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзамдын, КЖПКнын жана конкреттүү мунапыс жарыяланган мыйзамдын өз ара байланышкан жоболору аркылуу ишке ашырылат. Бул актылар ар башка функцияларды аткарат, бирок бир укуктук институтту жөнгө салат, ошондуктан мунапыстын формаларын жана натыйжаларын бирдей түшүнүүнү камсыз кылууга тийиш. КЖКнын 93-беренесинде кылмыш жоопкерчилигинен бошотуу мүмкүнчүлүгүнүн бекитилиши, атайын Мыйзамда мунапыстын жазадан бошотуу аркылуу гана аныкталышы жана КЖПКда кылмыш ишин кыскартуунун каралышы мыйзам чыгаруучу тандаган моделди ар башка түшүнүү тобокелдигине жол берет.

Бирок мыйзамдарда мунапыстын мүмкүн болгон формаларын жана укуктук натыйжаларын аныктоосу конкреттүү акт кабыл алууда Жогорку Кеңеш тарабынан алардын бирин же бир нечесин тандоосу сыяктуу эле мыйзам чыгаруунун кароосунун чегинде болот. Ошондуктан бул институтту КЖКнын 93-беренесинин, Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзамдын жана КЖПКнын жоболору менен жөнгө салуудагы айырмачылыктар КЖКнын 93-беренесинин конституциялык эместигин күбөлөндүрбөйт.

Ошону менен бирге мындай тандоонун жол берилиши тандалып алынган моделди мыйзамдардын өз ара байланышкан жоболорунда ырааттуу бекемдөө зарылдыгын жокко чыгарбайт. Ар башка чечмелөөнү жана колдонууну болтурбоо максатында Жогорку Кеңеш мунапыстын формаларына бирдиктүү ыкманы аныктоого жана КЖКнын, КЖПКнын жана Мунапыс берүү негиздери жөнүндө мыйзамдын тиешелүү жоболорун өз ара шайкеш келтирүүгө, кылмыш жоопкерчилигинен бошотууну мындай

формалардын бири катары бекитүүгө же аны караган кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдардын ченемдерин кайра кароого тийиш.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4-бөлүгүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Ч Е Ч Т И:**

1. 2024-жылдын 9-февралындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына жана Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 75 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 60-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. 2024-жылдын 9-февралындагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына жана Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 75 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацы ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө баяндалган конституциялык-укуктук маанисинде Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 60-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 93-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

4. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

5. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

6. Ушул Чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**